**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
Мектептик жана мектептен тышкары
билим берүү башкармалыгынын башчысы
______________ **М.Ж. Усеналиев**
2021-ж. "21" "07"

каттоо № 2

# "МААРИФ" БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ" МЕКЕМЕСИНИН 2021/2022-ОКУУ ЖЫЛЫ ҮЧҮН ОКУУ ПЛАНЫ

Бишкек шаарындагы "Маариф" билим берүү комплекси" мекемесинин 2021-2021-окуу жылына карата окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы №869/1 буйругу менен бекитилген Жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде кабыл алынды.

**Директор:** **Метин Кылынч**

**“МААРИФ” БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ” МЕКЕМЕСИНИН 2021/2022-ОКУУ ЖЫЛЫНА КАРАТА ОКУУ ПЛАНЫНА**
**ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ**

**“Маариф” билим берүү комплекси”** мекемесинин 2021/2022-окуу жылына карата окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы №869/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдарынын базистик окуу планынын негизинде түзүлүп, жалпы орто билим берүүнүн I-II-III баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалдарын өздөштүрүү үчүн окутуунун түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн төмөндөгүдөй көлөмдөгү жумалык окуу жүктөмүнүн жогорку чеги кабыл алынды:

| **Класстар** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** | **11** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жумалык окуу жүктөмү** | 20 | 22 | 24 | 25 | 29 | 30 | 30 | 29 | 30 | 29 | 30 |
| **Окуу жүктөмүнүн жогорку чеги** | 20 | 23 | 25 | 26 | 30 | 31 | 33 | 34 | 35 | 32 | 33 |

**“Маариф” билим берүү комплекси**” мекемесинин окуу планы КРнын Билим берүү жана министрлиги тарабынан сунушталган негизги жалпы билим берүү программаларын, окуу-методикалык комплекстерин пайдаланууну камсыздайт.

Окуу пландын **мамлекеттик компоненти** Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыз кылуу үчүн милдеттүү болуп эсептелет жана өзгөртүүгө жол берилбейт.

I баскыч үчүн окуу планы (1-4-класстар) башталгыч жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү 4 жылдык ченемдик мөөнөтүнө, II баскычтын окуу планы (5-9-класстар) негизги жалпы билим берүү программаларын 5 жылдык ченемдик мөөнөтүнө жана III баскычта (10-11-класстар) жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүү 2 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

“Кыргыз тили”, “Орус тили” сабактары 1-класстан 11-класска чейин окутулат. Англис тилин окутуу 3-11-класстарда ишке ашырылат. Англис тилин тандоо сабактары компоненти аркылуу жумасына кошума окутулуп, аны окутууга 6 саат бөлүнгөн. Түрк тили дагы тандоо сабактары компоненти аркылуу жумасына 1 саат менен окутулат.

“Тарых” сабагы 5-11-класстарда окуу программасына ылайык, “Дүйнөлүк тарых” жана “Кыргызстан тарыхы” сабактары кезектешип, бирдиктүү сабак катары окутулат. 5-6-класстарда “Тарых” сабагы предметтик стандартка жана окуу программасына ылайык жумасына 2 саат менен окутулат. Журналдарга “Тарых” деген бирдиктүү аталыш менен жазылат. Негизги жана толук мектептеги мамлекеттик бүтүрүү экзамендери Кыргызстан тарыхынан гана тапшырылат.

5-6 жана 9-11-класстарда "Адам жана коом" сабагы предметтик стандартка, окуу программасына жана окуу-методикалык комплексине ылайык окутулат.

"Мекен таануу" предмети 1-4-класстарда жумасына 2 сааттан “Турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери” жана “Адеп” предметтери менен интеграцияланып окутулат.

5-класста "Табият таануу" сабагы жумасына 1 сааттан окутулуп, интеграцияланган курсу катары курчап турган дүйнөдөгү кубулуштар жөнүндөгү материалдарды камтып, табигый-илимий сабактарды 6-11-класстарда окууга окуучуларды даярдайт.

7-9-класстарда «Физика» предметин окутууга жумасына 2 саат, 10-класста 3 саат бөлүнгөн.

11-класста «Физика» жана «Астрономия» курстары интеграцияланып «Физика. Астрономия» предмети катары жумасына 3 сааттан окутулат. Журналга дагы «Физика. Астрономия» аталышында жазылат.

“Математика” предмети 1-класстан 6-класска чейин окутулат. 7-11-класстарда “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери бекитилген сааттарга ылайык өзүнчө окутулат.

"Кыргыз адабияты" жана "Орус адабияты" сабактары 5-11-класстарда бекитилген предметтик стандарттар, окуу программалары жана окуу-методикалык комплекстери боюнча окутулат.

7-9-класстарда "Технология" сабагын окутуу бекитилген окуу программа боюнча ишке ашырылат. 7-класста "Технология" сабагы 1-жарым жылдыкта, ал эми "Көркөм өнөр" 2-жарым жылдыкта жумасына бир сааттан окулат.

“Информатика” предмети предметтик стандартка, окуу программасына жана окуу-методикалык комплексине ылайык, окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-, 6-, 7- жана 9-класстарында жумасына 1 сааттан, 8-класста 2 саат, а эми окутуу өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-9-класстарында жумасына 1 сааттык жүктөм менен окутулат. "Информатика" предмети санариптик сабаттуулуктун негиздерин, ошондой эле программалоо көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн окутулат.

"Көркөм өнөр" жана "Музыка" сабактары 1-7-класстарда тиешелүү окуу-методикалык комплектерине ылайык окутуулат.

"Кыргыз тили", "Орус тили", "Англис тили", "Информатика", “Технология” сабактарды окутууда класс 2 тайпага бөлүнөт:

- «Информатика» боюнча 5-9-класстарда окуучулардын саны 30 же андан ашык болсо;
- «Англис тили» боюнча, ошондой эле орус тилин экинчи тил катары 1-9-класстарда окутууда окуучулардын саны 30 же андан ашык болсо, 10-11-класстарда - 25 же андан ашык окуучу болсо;
- “Технология” боюнча окутуу тилине карабастан 5-9-класстарда - 30 же андан ашык окуучу болсо;
- класстарды тайпаларга бөлүп окутуу төмөндөкүдөй санда болгондо ишке ашырылат: II баскычтагы класстарда 25 же андан ашык окуучу катталса, III баскычтагы класстарда - 20 же андан ашык окуучу.

Окуу планынын **мектептик компоненти “Маариф” билим берүү комплекси”** мекемеси билим берүү жаатындагы өзгөчө окуутуу багыттарын чагылдырат жана окуучулардын, алардын ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) мамлекеттик компонеттеги предметтерди терендетип окутууга болгон социалдык буйрутмасын ишке ашырат, ошондой эле окуучулардын ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлөрүндөгү таанып-билүү кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн канааттандырат. Мектептик компоненттн ишке ашыруу милдеттүү болуп эсептелет жана өзгөртүүгө жол берилбейт.

**“Маариф” билим берүү комплекси”** мекемеси табигый-илимий багытта окуучуларды терендетип окутуу үчүн **мектептик компоненти аркылуу** «Физика» сабагын 7-8-класстарда окутууга жумасына кошумча 2 саат бөлүнөт; “Биология” сабагын 6-11-класстарда жумасына 1 саат кошумча окутуу менен жалпы саны 6 саатты түзөт. Ошондой эле “Химия” сабагын 8,9,11-класстарда жумасына 1 саат кошумча окутуп, жалпы саны 3 саатты түзөт.

**"Тандоо предметтер" компоненти** деп окуучуларга тандап алууга милдеттүү тартипте сунушталуучу **“Маариф” билим берүү комплекси”** мекемеси тарабынан өз алдынча белгиленген элективдик (тандоо), профилдик курстар.

Окуу планынын **элективдик (тандоо боюнча предметтер) компоненти** боюнча «Информатика» сабагы 5 жана 9-класстарда жумасына кошумча 2 сааттан бөлүнүп окутулат, “Түрк тили” сабагына 3-4, 7-8 жана 10-класстарда жумасына 1 сааттан кошумча бөлүнүп, жалпысынан 6 саатты түзөт. “Англис тили” сабагын окутууга 5 жана 8-11-класстарга жумасына 1 сааттан кошумча окутулуп, жалпы саны 6 саатты түзөт.

Ар бир класстагы окуу жүктөмдүн жогорку чеги максималдуу деп эсептелет жана өзгөртүүгө жатпайт.

Жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү күнүмдүк көзөмөл менен коштолот. Окуучулардын билиминин жетишкендиктерин баалоо алардын окуу программаларынын мазмундарын (күтүлүүчү натыйжаларды) өздөштүрүү деңгээлин текшерүү төмөнкү үч түрдө жүргүзүлөт: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтыктоочу (суммативдик). Диагностикалык баалоо окуучунун окуу процессинин башталышындагы деңгээлин аныктоо үчүн өткөрүлөт. Формативдик баалоо класста ооз эки сурамжылоо, жазуу иши, тест жана байкоо аркылуу жүргүзүлөт. Формативдик баалоодо үзгүлтүксүз кайтарым байланыш камсыздалат, окуучунун өзүн-өзү баалоосу калыптанат, баалоонун так критерийлери иштелип чыгат. Мугалим окуу процессин өз убагында түзөй алат, мүмкүн болгон жетишпегендиктерин суммативдик баалоого чейин четтетет. Суммативдик баалоо окуу программаларынын окуу блогунун жана окуу аралыктарынын аяктарында балл жана баа коюу менен өткөрүлөт.

2021-2022-окуу жылында “**Маариф” билим берүү комплекси”** мекемеси үчүн **5 күндүк окуу жумасы** бекитилет. “**Маариф” билим берүү комплекси”** мекемесине Базистик окуу планынын мектептик компоненти жана тандоо сабактарын ишке ашыруусуна байланыштуу сабактан кийин же 6 күндүк жума менен (ишембиде) иштөөгө жол берилет.

Мамлекеттик, мектептик жана элективдик (тандоо боюнча предметтер) компоненттер “**Маариф” билим берүү комплекси”** мекемесинин уюштуруучулары тарабынан, ата-энелердин төгүмдөрү ж.б. мыйзамдарга каршы келбеген булактар аркылуу каржыланат.

**“Маариф” билим берүү комплекси”** мекемесинде сабактар 2021-жылдын 1-сентябрында башталып, 2022-жылдын 25-майында аяктайт. Окуу жылынын созулушу эс алуу убакыттарын эсепке албаганда төмөндөгүдөй болот: 1-класста - 33 жума, 2-4-класстарда - 34 жума, 5-11-класстарда экзамендик мезгилди эске алуу менен - 34 жумадан 36га чейин.

Каникул мезгили 30 календардык күндөн кем эмес убакытты түзөт: **күзгү** – 8 күн (2021-жылдын 2-9-ноябры), **кышкы -** 12 күн (2021-жылдын 30-декабрынан 2022-жылдын 11-январы), **жазгы -** 10 күн (2022-жылдын 22-31-марты).

1-класстардын окуучулары үчүн III-чейректе кошумча апталык каникул күндөрү берилет. Сабактын узактыгы: 1-класстарда – 40 мүнөт, 2 -11-класстарда - 45 мүнөттү түзөт.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген “Билим берүү процессинин режимине коюулуучу гигиеналык талаптардын” 11-бөлүмүнө ылайык:

- окуу бир сменде жумасына 5 күн окутулат, саат 8:30да башталып 17:00дө аяктайт. Ар бир сабактын ортосунда 5 минуталык, 3-сааттан кийин 15 минуталык, 4-сааттан кийин 45 минуталык танапис белгиленет.
- бардык сабактар боюнча үй тапшырмалардын көлөмү аларды аткарууга төмөндө берилген нормалардан (астрономиялык саат) жогору болбойт: 2-3-класстарда - 1,5 саат, 4-5-класстарда - 2 саат, 6-8-класстарда - 2,5 саат, 9-11 класстарда - 3,5 саатка чейин".
- Сабактан кийин узартылган күн сааттары, кошумча билим берүү кызматтары (ар кандай түрдөгү ийримдер, клубдар) уюштурулат.
- Сабактан кийин предметтик, спорттук, музыкалык ийримдер жана факультативдик сабактар өтүлөт.

Сабактардын жүгүртмөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомунун “Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарынын» №6 тиркемесинин 164, 165, 166, 167, 168, 169-п.п. ылайык түзүлөт.

**Директор:** **Метин Кылынч**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БИШКЕК шаары "МААРИФ" БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ МЕКЕМЕСИ · УЧРЕЖДЕНИЕ "ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЙ КОМПЛЕКС "МААРИФ" · ИНН 01206202010012

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
Мектептик жана мектептен тышкары
билим берүү башкармалыгынын башчысы
_______________**М.Ж. Усеналиев**
2021-ж. “_______” _______________

каттоо №_____2_____

**Бишкек шаарындагы “Маариф” билим берүү комплекси” мекемесинин**
**2021-2022-окуу жылына карата окуу планы (кыргыз тилинде окутулуучу мектеп үчүн)**

| Компонент | Билим берүү чөйрөлөрү | Предметтердин аталышы | Класстар боюнча базистик вариант | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Мамлекеттик | Тилдик | Кыргыз тили | 6 | 7 | 7 | 7 | 4 | 4 | 3 | 3 | 2 | 2 | 3 |
| | | Орус тили | 3 | 3 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| | | Чет тили | | | 2 | 2 | 5 | 4 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Социалдык | Тарых | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Адам жана коом | | | | | 1 | 1 | | | 2 | 1 | 1 |
| | Математикалык | Математика | 4 | 5 | 5 | 6 | 4 | 4 | | | | | |
| | | Алгебра | | | | | | | 3 | 2 | 3 | 2 | 3 |
| | | Геометрия | | | | | | | 1 | 2 | 1 | 2 | 1 |
| | Табигый-илимдер | Мекен таануу/ Табият таануу | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | | | | | | |
| | | Физика. Астрономия | | | | | | | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 |
| | | Биология | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | | Химия | | | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | География | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | Технологиялык | Технология (эмгек, чийме жана дизайн) | | | | | 1 | 1 | 1/0 | 1 | 1 | | |
| | | Информатика | | | | | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | | |
| | Искусство | Кыргыз адабияты | | | | | 2 | 2 | 3 | 2 | 3 | 3 | 3 |
| | | Орус адабияты | | | | | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Көркөм өнөр | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1/0 | | | | |
| | | Музыка | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | | | | |
| | Ден соолук маданияты | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Аскерге чейин даярдоо | | | | | | | | | | 2 | 2 |
| Мамлекеттик компонент | | | 20 | 22 | 24 | 25 | 28 | 30 | 30 | 29 | 30 | 29 | 30 |
| Мектеп компоненти: | | Физика | | | | | | | 1 | 1 | | | |
| | | Биология | | | | | | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | | Химия | | | | | | | | 1 | 1 | | 1 |
| Тандоо предметтери | | Информатика | | | | | 1 | | | | 1 | | |
| | | Түрк тили | | | 1 | 1 | | | 1 | 1 | | 1 | |
| | | Англис тили | | 1 | | | 1 | | | 1 | 2 | 1 | 1 |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Окуу жүктөмдүн чеги** | | 20 | 23 | 25 | 26 | 30 | 31 | 33 | 34 | 35 | 32 | 33 |

Бишкек шаарындагы “Маариф” билим берүү комплекси” мекемесинин 2021-2021-окуу жылына карата окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы №869/1 буйругу менен бекитилген Жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде кабыл алынды.

**Директор:** **Метин Кылынч**